Сыйлангандар жөнүндө баяндайбыз

# ЖАШЫЛЧА ТАЛААСЫНЫН МАСТЕРИ



Совхоздук талаада кар калың. Жакында гана жер кара болуп, анда совхоздук механизаторлор тоңдурма айдашкан. Ал эми ага чейин эмгек тынымсыз кызып, плантациялардан жашылчалардын мол түшүмүн жыйнап алуу үчүн күрдөөлдүү күрөш жүргүзүлүп келген.

— Аба ырайына ишенүүгө мүмкүн эмес, ачык турган күн бир паста эле бүркөлүп катуу жамгыр нөшөрлөп төгүп жиберген учурлар көп болот. Бул албетте жазгы жана күзгү мезгилдерге таандык. Сууктун кээ жылдарда кеч келиши же болбосо эрте башталышы да ыктымал. Ошондуктан, жаздан тартып күзгө чейин маңдай тердетип иштеген эмгекти текке кетирбестен өстүрүлгөн түшүмдү өз убагында, коромжуга учуратпастан жыйнап алууга не жетсин, — деп жашылча өстүрүүчү звенонун звеновою Саракүл Сманалиева сөз катты. Чындыгында биз бардык күчтү жумшап иштөөгө тийиш элек. Тракторист Анатолий Шишкиндин эмгегине абдан ыраазыбыз. Анткени, ал звеного бөлүнүп берилген жерлерди агротехникалык эрежелердин негизинде эң сонун иштетти. Ар бир гектар аянтка эки центнерге чейин аммиак селитрасы жана башка семирткичтер чачылды. Айдоо учурунда органикалык семирткичтер жетиштүү өлчөмдө берилди. Бир эле жолу аммиак селитри менен кошумча азыктандырылып, катар аралыктар үч жолу иштетилди. Мунун бардыгы өсүмдүктүн бир калыпта текши өнүп чыгышына, акырында мол түшүмдүн камсыз кылынышына негизги шарттарды түздү.

Звеновой айтып жаткан сөздөрүн бир азга токтотту да башындагы жоолугун оңдоп, анан терең ойго чөмүлө түштү. Аңгеме кайрадан башталды.

— Биздин звенообуз анчалык чоң эмес, ал 16 аялдан турат. Ырасын айтыш керек, звенонун ар бир мүчөсү эмгекти жанындай сүйгөн иштерман кишилер. Алар керек болуп калган учурларда күн-түн дебей иш үстүндө болушат. Көпчүлүгү узак жылдардан бери иштешип, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүдө бай тажрыйбага ээ болгон аялдар. Маселен Күлүйпа Абыкееванын, Казыке Сманалиеванын, Сатымкүл Керимкулованын, Расия Ибрагимованын эмгектерин даңазалап айтууга сөз да табылбайт. Булар жашылча өсүмдүктөрүн багууда биринчиликти колдон чыгарышпаган сыналган адамдарыбыз. Биздин аялдарыбыздын дээрлик бардыгы плантацияны бороздоп сугаруунун ыгын жакшы үйрөнүшкөн. Өткөн жылы биз катуу ысыктын күндөрүндө сугатты мына ушул жол менен жүргүздүк. Сугатчыларыбыздын бардыгы өздөрүнүн нормаларын 30—40 процентке ашыра аткарып турушту. Жашылчалар жердин бетине текши өнүп чыкканда аны багууну жакшы колго алдык. Көпчүлүк ... суудан кемчил кылган жокпуз. Өсүмдүктөрдүн арасындагы зыяндуу чөптөрдү өз убагында жок кылып, түптөрүн жумшартып турдук. Мына ушулардын бардыгын төкпөй-чачпай айтып келип звеновой акырында совхоздун башкы агроному Юрий Николаевичке чынбы дегендей жылмайып тике карады.

Башкы агроном анын сөзүнүн калетинин жок экендигин ырастагандай, башын ийкеди да, сөзгө аралашты. — Звеновой Саракүл Сманалиева тапшырылган ишке ар дайым жоопкерчилик менен карайт. Өсүмдүктөрдү жакшы бага билет. Канча минералдык семирткич керек кылына тургандыгын, сугатты качан жүргүзүүнү адистерден да жакшы билет десем аша чапкандык болбойт. Өткөн жылы жашылча аянттарынын бардыгын бороздор аркылуу алты жолу сугарган. Өсүмдүктөрдө отоо чөптөр такыр болгон эмес.

Мына эми жыйынтык эмнелер менен чектелди? Алдыңкы звеновой шаардын калкына 63 тоннанын ордуна 76 тонна помидор, 288 тоннанын ордуна 350 тонна капуста жөнөттү. Сабиздин түшүмү да мурда болуп көрбөгөндөй болду. Мындайча айтканда пландаштырганга караганда эки жарым эсе — 37 тонна сабиз жыйналып алынды. Бадыраңдын түшүмү да жогору болду.

Биз даңктуу звеновойдун жетишкен ийгилигине терең ыраазы болуп, ага келечекте мындан дагы жогорку көрсөткүчтөргө жетишүүнү каалап коштоштук.

Ленин жана Эмгек Кызыл Туу ордендеринин кавалери Саракүл биз менен коштошуп жатып:

— Биздин звенонун мүчөлөрү КПСС Борбордук Комитетинин партияга, совет элине Кайрылуусу менен жаңы гана таанышып чыгышты. Тогузунчу беш жылдыктын аныктоочу жылында жашылча өсүмдүктөрүнөн дагы мол түшүм өстүрөбүз деп звенонун бардык мүчөлөрүнүн атынан убада беремин, — деди.

**Г. СТЕПАНОВ.**

«Аламүдүн» совхозу.

СҮРӨТТӨ: С. Сманалиева.